Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин

кезектеги отурумунун № 4 протоколу

2019-жылдын 24 –декабры
Ош шаары,ЭМФ
Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы- Ж.К.Муратов
Окумуштуулар Кеңешинин катчысы- С. И. Кочконбаева
Катышкандар- 14
Келбегени -3
Өтүү жайы: Факультеттин башкы имаратынын жыйындар залы

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер :

1. 2019-2020 – окуу жылындагы факультеттеги илимий иштеринин абалы жана алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө. Баяндамачы: Ташматова Н.М.

2. 2019-2020 – окуу жылындагы факультеттеги эл аралык байланыш жана долбоорлор менен иштөө иштеринин абалы жана алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө. Баяндамачы: Нуралиев А.Д.

3. Ар түрдүү маселелер

Кыргыз Республикасынын Гимни.

1.Угулду: 1.Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф.Муратов Ж.К. күн тартиби менен таанышты жана регламент бекитилди.

2.Эл аралык медицина факультетинин декандын илимий иштери боюнча орун басары **Ташматова Н.М.** эл аралык медицина факультетинин 2019-2020 – окуу жылына карата илимий-изилдөө жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыктары, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө отчет жасады. Отчетто кафедранын (факультеттин) профессордук-окутуучулук курамынын сапаттык көрсөткүчүнө анализ берди. Кафедранын (факультеттин) илимий багыттары, темасы, каттоо карточкасы (номери, бекитилген күнү), алынган жыйынтыктар, практикада колдонулушу боюнча кенен маалымат берди.Кафедрадагы (факультеттердеги) аспиранттар, изденүүчүлөр жөнүндө маалыматтар, алардын илимий-изилдөө иштеринин абалы, жыйынтыктары,кафедра, факультет тарабынан өткөрүлгөн илимий конференциялар, семинарлар ж.б., алардын натыйжалуулугу,студенттик илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун мазмуну, сапаты, формалары, жыйынтыгы жана көзөмөлдөө материалдарды презентациясында көрсөттүү.

(Отчет тиркелет).

Чыгып сүйлогөндөр: СГД кафедрасынын башчысы,фил.и.к.,доцент **Ысмаилова Р.А.:-** Илимий багыт боюнча маалымат барбы? Канча кафедра илимий тема берди?
Ташматова Н.М.:-илимий темаларды берген кафедралар КД1, КД2, СГД, патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасы.

Калматов Р.К.:- отчет жетиштүү деталдуу жана так жазылган, ишенимдүү жыйынтыктар камтылган. Жалпы SCOPUS та жана канча статья жазылган?Кандай иш чараларды өткөрүш керек жакшы статья жазыш үчүн?

Ташматова Н.М.:- РИНЦте-170, SCOPUS -4. Жакшы статья жазыш үчүн семинарларды уюштуруш керек.

Ысмаилова Р.А.:-Отчет мыкты жазылган, керектүү бардык маалыматтар так берилди. Декандын илимий иштери боюнча орун басары Н.М.Ташматованын аткарып жаткан иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2019-жылдын 26-декабрдагы №4-жыйынындагы илимий иштер боюнча декандын орун басарынын баяндамасын талкулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кенеши

ТОКТОМ кылат:

1.Эл аралык медицина факультетинин илимий иштер боюнча декандын орун басары, доцент Н.М.Ташматованын аткарып жаткан иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Студенттик илимий изилдөө иштерине, студенттик илимий долбоорлорго көңүл бурулсун, жана системалуу иштеген илимий кружоктор уюштурулсун.

2.Угулду: Нуралиев А.Д.2019– окуу жылындагы факультеттеги эл аралык байланыш жана долбоорлор менен иштөө иштеринин жыйынтыктары боюнча отчет берди.

2-маселе боюнча 2019-2020 – окуу жылындагы факультеттеги эл аралык байланыш

жана долбоорлор менен иштөө иштери боюнча жооптуу А.Нуралиевдин баяндамасын талкулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кенеши

ТОКТОМ кылат:

1.Эл аралык медицина факультетинин эл аралык байланыш жана долбоорлор

менен иштөө иштери боюнча жооптуу А.Нуралиевдин аткарып жаткан иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Медициналык, педагогикалык тажрыйба алмашуу, жаш окумуштууларды башка ЖОЖдун өрнөктүү профессорлор-окутуучулардын сабактарына катыштыруу, профессорлорду бири-бири менен алмашып конференция, онлайн-лекция, видео-конференцияларды уюштуруу сыяктуу ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү боюнча жумуштар жүргүзүлсүн.

3.Угулду: . Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф.Муратов Ж.К. күн тартибинде 3-маселеледе Эл аралык медицина факультетинин“Патология, базистик жана клиникалык фармакология ” кафедрасынын м.и.к.,проф. Ж.К.Муратов, м.и.д., доцент А.А.Момунова,окутуучу А.К.Жанбаева, окутуучу А.С.Сеитова, окутуучу Б.Ж.Абдиева жана окутуучу Г.К.Ажибаева. тарабынан даярдалган “Methodical manual for self study on basic pharmacology” деп аталган окуу методикалык колдонмону басмага сунуштоо боюнча арыз түшкөнүн айтты.

Чыгып сүйлогөндөр: Клиникалык дисциплинала 1 кафедрасынын башчысы,м.и.к., доцент **М.М.Бугубаева**.:- Бул окуу куралы бир катар принциптерди сактоо менен жазылган: ар бир темада окуу максаттары түзүлүп, СӨИни даярдоо боюнча суроолор жана дарыгердин практикасына жакын фармакотерапия боюнча рецепттик тапшырмалар берилген; түзүмү жана мазмуну боюнча ал жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн фармакология программасына жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келет.

Айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши

ТОКТОМ кылат:

1. Эл аралык медицина факультетинин“Патология, базистик жана клиникалык фармакология ” кафедрасынын м.и.д.,проф. Ж.К.Муратов, м.и.к., доцент А.А.Момунова,окутуучу А.К.Жанбаева, окутуучу А.С.Сеитова, окутуучу Б.Ж.Абдиева жана окутуучу Г.К.Ажибаева. тарабынан даярдалган “Methodical manual for self study on basic pharmacology” деп аталган окуу методикалык колдонмо басмага сунушталсын.

2. Бекитүү жана басмаканадан чыгаруу жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы: Ж.К.Муратов

Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: С. И.Кочконбаева